**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ**

**НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

10-март 2023-ж. № 04 — Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине караштуу К. Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиясы жана тең уюштуруучу Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу тарых жана саясий илимдер боюнча Д 07.22.659 диссертациялык кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын 2022-жылдын 12-декабрындагы № 69 буйругуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Диссертациялык кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2023-жылдын 2-мартындагы № 067 токтомунун (№2д/к-4/6 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин профессору, саясий илимдердин доктору, профессор Жоробеков Жолборс Жоробекович 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча (авторефераты боюнча) саясий илимдердин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражаларын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине караштуу К. Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиясы жана тең уюштуруучу Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу тарых жана саясий илимдер боюнча Д 07.22.659 диссертациялык кеңештин курамына киргизилсин.

**Төрага** — **Б. К. Тыналиева**